«БЕКИТЕМИН»
К. Карасаев атындагы Бишкек
мамлекеттик университетинин
илимий иштер боюнча проректору
ф. и. д., профессор Мурзахметова Г. М.
____________________
13-январь, 2025- жыл

Абдыкулова Роза Аманбаевнанын 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы; 07.00.03 – жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Осмон мамлекети менен Орто Азиянын дипломатиялык байланыштары (XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башы)” деген темадагы кандидаттык диссертациясынын кол жазмасына жетектөөчү мекеме К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин «Кыргызстандын жана чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы» кафедрасынын

## КОРУТУНДУ – ПИКИРИ

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Орто Азия мамлекеттери эгемендүүлүгүн алгандан кийин чет өлкөлөр менен эл аралык байланыштар күч алды. Орто Азиядагы өлкөлөрдүн эгемендүүлүгүн алгачкылардан болуп Түркия Республикасы тааныды. Анын натыйжасында, Түркия мамлекети менен Орто Азиядагы көз карандысыз мамлекеттер арасында саясий-экономикалык жана маданий багыттарда өз ара мамилелерди түзүүгө кадамдар жасала баштады. Ошол убактан азыркы күнгө чейин уланып келе жаткан алакалардын Орто Азия мамлекеттери менен Түркия Республикасынын өнүгүүсүнө кошкон салымы олуттуу жана анын тарыхый башаты тереңге чейин кетет. Орто Азиядагы мамлекеттер менен Осмон империясынын байланыштары XIV кылымда эле башталганы менен XIX кылымдан тарта ал көп кырдуу, ар тараптуу жана тыгыз мамиледеги өнүгүү деңгээлине жеткендигин

КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
входящий № 04-8/71
« 13 » 01 2024 ж.г.

тарыхый булактар тастыктайт. Анткен менен Орто Азия аймагынын XIX кылымдагы геосаясий абалына байланыштуу илимий изилдөөлөр башка өңүттөн жүргүзүлүп келген.

Россиялык жана советтик тарыхнаамада XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башталышындагы Орто Азия тарыхына жана андагы өлкөлөргө карата жүргүзүлгөн саясий мамилелерге бир жактуу баа берилип, айрым орчундуу маселелер изилдөө объектисине алынбай келген. Айрыкча белгилей кетчү нерсе, Орто Азия аймагына карата жасалган тышкы саясат менен ал көрүнүштү түшүнүү үчүн жүргүзүлгөн изилдөөлөр ортосундагы айырмачылыктар арбын кездешет. Эгер, белгиленген хронологиялык алкакта Орто Азия аймагы бир бүтүн түшүнүк катары тышкы саясат жана башка өлкөлөрдүн экспансиялык аракет объектисине айланып келсе, тескерисинче ага баа берүү максатын көздөгөн изилдөөлөр, мамлекеттер чегинде жана эки тараптуу мамилелер тогошунда гана жасалып келген. Ошол эле убакта, Орто Азия өлкөлөрүндө жүргүзүлгөн изилдөөлөр эки тараптуу мамилелерди чагылдырууга, Россия менен Улуу Британия мамлекеттеринин саясатын иликтөөгө арналып, башка дипломатиялык субъекттердин ишмердүүлүгү көз жаздымда калып жатканы байкалат. Арийне, андай проблемалардын бири – Осмон империясынын Орто Азия аймагына жүргүзгөн дипломатиясы жана саясий аракети экендиги талашсыз.

Орто Азия тарыхнаамасында Осмон империясынын аталган аймакта жүргүзгөн саясаты, көздөгөн максаты дээрлик изилдөө объектисине алынган эмес. Ошондуктан, Осмон өлкөсүнүн Орто Азиядагы мамлекеттер менен байланышын жаңыча түшүнүп, азыркы талаптарга жараша изилдөө зарылчылыгы туулат. Осмон өлкөсүнүн жана Орто Азиянын өз ара мамилелерин аныктоо менен саясий максаттарына баа берүү тандап алынган теманын актуалдуулугун арттырат.

**2. Илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделишинин деңгээли.** Изденүүчү каралып жаткан диссертациялык иште бир катар жаңы илимий-практикалык жыйынтыктарды чыгарган:

**1 - жыйынтык.** Талапкер илимий изилдөөсүнүн тарыхнаамасын 4 топко бөлүп караган: Биринчи топко - орус тарыхнаамасы кирген. Ал революцияга чейинки, совет мезгили жана постсовет мезгили делип, үч топко бөлүнгөн. Экинчи топко болсо, түрк тарыхнаамасы кирип, ал дагы Осмон мамлекети мезгилине таандык тарыхнаама жана Түркия Республикасы дооруна таандык тарыхнаама аталып эки бөлүктөн турган. Үчүнчү топто - батыш тилдериндеги изилдөөлөр камтылган. Ал эми төртүнчү топко - борбордук азиялык изилдөөлөр киргизилген. Орус, түрк, батыш жана борбордук азиялык изилдөөлөрдөгү илимий теманын алкагында жүргүзүлгөн изилдөөлөр жана илимий маалыматтар анализденген (I бап).

**2 - жыйынтык.** Диссертациялык иште изилдөөнүн объекти, предмети жана методологиясы менен бирге булактык базасын талдоого алган. Анда илимий изилдөө ишке байланышкан Стамбул шаарындагы Осмон мамлекетинин өкмөттүк архивине таандык документтерди жана Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекттик Архивиндеги документтерди булактык база катары илимий ишке колдонгон. Изилдөөчү илимий ишти жазууда негизги илимий методологиялык ыкмалардан сырткары түрк тилиндеги архив документтерин талдоо боюнча методикалык эмгектерди да пайдаланган. Муну менен катар коомдук илимдердеги теориялык жана методологиялык ыкмаларды колдонгон. Азыркы учурда тарых жана башка илимдердин алкагында изилдөө жүргүзүү объективдүүлүк, тарыхыйлуулук, салыштыруу, типологиялык, далилдөөчүлүк жана хронологиялык талдоо сымал ар тараптуу илимий ыкмаларды да колдонгон. Изилдөөдө коюлган максат менен милдеттерге ылайык колдонулган тарыхый булактар Кыргызстандагы архив документтери жана

Түркиянын архив булактары аталып, эки топко бөлүнгөн. Орто Азиянын XIX-XX кылымдын башындагы тарыхына, асыресе кыргыздардын аталган доордогу тарыхына жаңы архив документтери аркылуу жаңы булактык база болуп бере турган тарыхый жазышмаларды илим айлампасына киргизе алган. Изденүүчү тарабынан изилдөө ыкмалары, усулдары туура колдонулган (II бап).

**3 - жыйынтык.** Осмон мамлекети менен Орто Азиянын саясий абалы, эл аралык мамилелери тууралуу маалыматтарда алгач Осмон мамлекетинин саясий абалы, эл аралык мамилелеринде Орто Азиянын орду тууралуу ачып берген. Артынан XIX-XX кылымдын башында Орто Азиянын абалы жана анын Осмон мамлекети менен байланышы туурасында илимий маалыматтардын негизинде талдоо жүргүзгөн. Осмон империясы менен Орто Азиядагы мамлекеттедин саясий мамилелери тууралуу жаңы маалыматтар архив булактарынын негизинде ачыкталган (III бап, I, II бөлүмдөр).

**4 - жыйынтык.** Осмон мамлекети менен Орто Азиянын экономикалык, маданий жана диний байланыштары, өз ара мамилелерин изилдөөгө алган. Экономикалык, маданий жана диний мамилелеринде өз ара кызматташтык географиялык алыстыкка карабастан жүргүзүлүп келингени архив булактары аркылуу тастыкталып көрсөтүлгөн. Мындай алакалардын Орто Азиянын тарыхына тийгизген таасири ар тараптуу талданып, ачып берилген (IV бап, I, II жана III бөлүмдөр).

**5 - жыйынтык.** Осмон мамлекети менен Орто Азиянын байланышында диний алакалар саясий мамилелерден кийинки эң көп байланышты түзгөн маселе катары каралган. Мындай расмий диний байланыштар он алтынчы кылымдан тарта жыйырманчы кылымдын башына чейин султандык бийликтин халифаттык статусу кулаганга чейин уланып келгени чагылдырылган (IV бап, IV бөлүм).

**3. Диссертациялык изилдөөдө чыгарылган жыйынтыктын (илимий жобонун) корутундусунун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү.**

Изденүүчү алынган илимий жаңылыктарынын негизинде тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо үчүн төмөндөгүдөй илимий жоболорду сунуш кылган:

**1 - жыйынтык.** Орто Азия тарыхынын XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башындагы саясий жактан тарыхый бурулуш мезгили болгон. Россия империясы тарабынан Орто Азия хандыктары каратылып, саясий-административдик башкаруу системасы толугу менен өзгөргөн. Анын натыйжасында, хандыктардын бул мезгилге чейинки Осмон мамлекети менен байланышынан айырмаланып, алардын ортосундагы алакага Россия империясынын саясаты аралаша баштаганы чагылдырылган.

**2 - жыйынтык.** Орто Азия хандыктарынын башка мамлекеттер менен байланышы дипломатиялык түрдө ишке ашып келген. Аларга Россия империясы, Осмон мамлекети мисал боло алат. Алардын өз ара байланышында саясий, экономикалык жана маданий маселелер камтылган. Россия империясы Орто Азияны каратып алган соң, Осмон мамлекети менен Орто Азиянын байланышында кескин өзгөрүүлөр болгонун ачып берген.

**3 - жыйынтык.** Изилдөөнүн хронологиялык алкагында, Орто Азиянын Россия империясы менен Англия саясатынын бутасына айлангандыгы талдоого айланат. Белгиленген мезгилдин тарыхнаамасында эки мамлекеттин саясий тирешүүсү Орто Азия маселеси менен чогуу каралып, Осмон мамлекети сыяктуу калган объекттерге дээрлик көңүл бурулбагандыгын ачыктаган.

**4 - жыйынтык.** Изилдөөдө XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башындагы мезгилде Осмон мамлекети менен Орто Азиянын

саясий байланыштарындагы негизги маселе Россия империясы болгон. Экинчи планда болсо, хандыктардын геостратегиялык маселелерге тиешелүү өз ара келишпестиктери турган.

**5 - жыйынтык.** Осмон империясы менен Орто Азиянын байланыштарында диний алакалар жогору негизде ишке ашырылган. Анткени, ислам дүйнөсү үчүн ыйык деп эсептелген Мекка, Медина шаарларын камтыган Хижаз областы XVI кылымдан тарта Осмон мамлекетинин карамагында болгон жана ал бүткүл мусулман дүйнөсүнүн мураскору катары таанылганы баяндалган.

**6 - жыйынтык.** Осмон мамлекетинин өкмөттүк архивиндеги материалдар Орто Азиянын тарыхынын, айрыкча Кыргызстан тарыхынын илимий айлампасына тартылып, архив даректери, алардын мазмуну боюнча маалыматтар, комментарийлер илимий изилдөөнүн доору боюнча алектенген адистерге сунушталган.

**4. Диссертациянын илимий жаңылыгы жана анын тууралыгын баалоо менен практикалык маанилүүлүгүнө баа берүү:**

Абдыкулова Роза Аманбаевнанын диссертациялык изилдөөдөгү негизги бүтүмдөр жана жалпы тыянактар Ата Мекен тарыхы, жалпы тарых, эл аралык мамилелер тарыхы сыяктуу көйгөйлөрдү изилдөөдө, окуу куралдарын түзүүдө жана теманын алкагында салыштырма изилдөөлөр жүргүзүлгөн илимий чөйрөлөрдө пайдаланууга болот.

**5. Диссертациялык иштин негизги жоболорун, натыйжаларын жана корутундуларын жарыялоонун жетиштүү толуктугун ырастоо.**

Диссертациянын илимий жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Окумуштуулук даражаларды берүү жөнүндөгү Жобонун, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талааптарына ылайык рецензияланган илимий, басылмаларда жарыяланган 30 дай илимий макала жана 1 монографияда чагылдырылган.

**6. Авторефераттын диссертациялык иштин мазмунуна дал келиши:**

Абдыкулова Роза Аманбаевнанын "Осмон мамлекети менен Орто Азиянын дипломатиялык байланыштары (XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башы)" деген темадагы кандидаттык диссертациясынын автореферaты диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине жооп берет. Анын басылмасы Кыргыз Республикасынын улуттук аттестациялык комиссиясынын талаптарына ылайык даярдалып, кыргыз, орус, жана англис тилдеринде резюме берилген.

**7. Диссертациялык иштин мазмуну жана жасалгаланышы боюнча кемчиликтери.**

Абдыкулова Роза Аманбаевнанын 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы; 07.00.03 – жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Осмон мамлекети менен Орто Азиянын дипломатиялык байланыштары (XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башы)" деген темадагы кандидаттык диссертациялык ишинде жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктери менен катар төмөнкүдөй кемчиликтери аныкталды:

1. Диссертациялык иштин темасында колдонулган регионалдык аталыш тууралуу киришүү бөлүмүндө кошумча ачыктоолор киргизүү зарыл.

2. Диссертациянын үчүнчү баптын бөлүмдөрүнүн аталыштарын корректировкалоо менен материалдарды эки гана бөлүмгө бириктирилип берилиши, тафтологиядан арылтат деген ишеничтебиз.

3. Пайдаланылган адабияттардын менен булактардын тизмесин, айрыкча архив документтердин тизмесин талаптарга ылайыктап ирээтке келтирүү зарыл.

**8. КР УАКтын диссертацияларга коюлган талаптарга жооп бериши.**

Абдыкулова Роза Аманбаевнанын 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы; 07.00.03 – жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изиденип алуу үчүн жазылган "Осмон мамлекети менен Орто Азиянын дипломатиялык байланыштары (XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башы)" деген темадагы кандидаттык диссертациясы өз алдынча аткарылган илимий эмгек болуп саналат. К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин «Кыргызстандын жана чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы» кафедрасы Абдыкулова Роза Аманбаевнанын 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы; 07.00.03 – жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изиденип алуу үчүн жазылган "Осмон мамлекети менен Орто Азиянын дипломатиялык байланыштары (XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башы)" деген темадагы кандидаттык диссертациясынын мазмуну, түзүмү, илимий деңгээли, жабдылышы Кыргыз Республикасынын Окумушутуулук даражаларды берүү жөнүндөгү Жобонун 11 пунктунда белгиленген «билимдин тийиштүү тармагы үчүн олуттуу мааниси бар маселелердин чечилиши» квалификациялык белгисине туура келет деп белгилейт. Диссертациялык иштин мазмуну илимий жоболорду, изилдөөнүн жыйнактары жана анын жасалгалоосу Кыргыз Республикасынын Окумуштуулук даражаларды берүү Жобонун, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет жана изденүүчү Абдыкулова Роза

Аманбаевнанын 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы; 07.00.03 – жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейт.

Корутунду-пикир К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин «Кыргызстандын жана чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы» кафедрасынын 2025-жылдын 13-январында саат 14.00 дө өткөн атайын отурумунда талкууланып, кабыл алынды (протокол № 6).

Талкууга катышкан окумуштуулардын тизмеси:

1. Д. Б. Сапаралиев - «Кыргызстандын жана чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы» кафедрасынын башчысы, т. и. к., (07.00.02) профессордун м.а., төрага;
2. Р. С. Бейсебаев – “Кыргыз-кытай факультетинин” кафедра башчысы, т. и. д., (07.00.02) профессор;
3. Т. Т. Машрапов – “Чыгыш таануу жана эл аралык мамилелер факультетинин” деканы, т. и. к., (07.00.02) профессордун м. а.;
4. Т. М. Рыскулов – “Эл аралык мамилелер” кафедрасынын башчысы, т. и. к., (07.00.02) профессордун м. а.;
5. Т. О. Бейшеналиев - т. и. к., (07.00.02) доцент;
6. К. Ш. Бийлибаев - т. и. к., (07.00.02) доценттин м. а.;
7. А. Ж. Арзыматова - т.и.к., (07.00.02);
8. М. М. Бегалиев – ага окутуучу;
9. Н. А. Алмазова – катчы.

К.Карасаев атындагы БМУнун Кыргызстандын
жана чыгыш чет өлкөлөрүнүн тарыхы
кафедрасынын башчысы, т. и. к.,
профессордун м. а. Сапаралиев Д. Б.
Катчы Алмазова Н. А.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛА КАДРОВ
13 01 25